**Кабыл алды:** **Бекитемин:**

**Мектеп педагогикалык кеңешинин чечими** **Мектептин директору**

**№_20__протокол 2020 ж.** **А.Т.Мамункулова**

**“_10_“ ___11___2020 жыл**

# А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин эксперттик кеңеши жана эмгектик паспортторду толтуруу боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо

## 1. Жалпы жоболор

**1.1 А.Бакаев атындагы Ильич орто мектебинин эксперттик кеңеши натыйжаларга негизделген эмгек акы төлөө системасынын иштешинин аткаруучу органы болуп саналат.**

**1.2 Натыйжаларга негизделген эмгек акы төлөө системасы билим берүү уюмдарында бир окуучуга эсептегенде ар бир жанга бюджеттик каржылоо принциби менен бир мезгилде киргизилет.**

**1.3 Эксперттик кеңеш эмгектик катышуу коэффицентин ( мындан ары-ЭКК) аныктоо үчүн предметтик-методикалык же предметтик-циклдик бирикмелер боюнча түзүлөт, анын негизинде кошумча эмгек акыны эсептөө үчүн ар бир педагог боюнча эсептин тууралгын көзөмөлдөйт.**

**1.4 Эксперттик кеңеш мектептин администрациясынын ( директордун окутуу-тарбия иштери боюнча орун басары же завучу), экономистти же башкы бухгалтеринин, профсоюз комитетинин төрагасынын же мүчөсүнүн арасында А.Бакаев атындагы Ильич орто мектебинин директорунун буйругу менен түзүлөт.**

**1.5 Эксперттик кеңеш өз ишинде эмгек жөнүндө мыйзамдарды, Билим берүү жана илим министрлигинин, жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун буйруктарын,**

**эмгек акы төлөө боюнча жобону жана ушул жобону жетекчиликке алат.**

**1.6 Эксперттик кеңеш өз ишин жалпы билим берүүчү директору бекиткен план боюнча уюштурат, заседаниесин айына кем эмес бир жолу өткөрөт.**

**1.7 Предметтик-методикалык же предметтик-циклдик бирикмелердин деңгээлинде бирикмеде турган ар бир педагог боюнча ЭККны эсептөө үчүн эмгекттик паспортторду толтуруу, андан соң тиешелүү жана кызматкерлердин кошумча эмгек акысын эсептөө үчүн Эксперттик кеңешке берүү боюнча комиссия(мындан ары- Комиссия) түзүлөт.**